КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК КАДР
КЫЗМАТЫ

ГОСУДАРСТВЕННАЯ
КАДРОВАЯ СЛУЖБА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2020-ж. 7-декабрь № 116 Бишкек ш.

**2021-жылга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында мамлекеттик жарандык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоого мониторинг жүргүзүү планын бекитүү жөнүндө**

Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигин жөнгө салуу, ошондой эле мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактоого мониторинг жүргүзүү жана контролдоо максатында, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 30-сентябрындагы № 198 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы № 674 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышына мониторинг жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык, **буйрук кылам:**

1. Тиркелген 2021-жылга мамлекеттик органдарда мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдарды сактоого мониторинг жүргүзүү планы (мындан ары – План) бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын аймактык өкүлчүлүктөрүнүн жетекчилери өз пландарын түзүүдө жогоруда аталган Планды жетекчиликке алышсын жана бекитилген мөөнөттөргө ылайык мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышына мониторинг жүргүзүшсүн.

3. Адам ресурстарын башкаруу жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү

кызыкдар адамдарды бул буйрук менен тааныштырсын жана тиркелген Планга ылайык мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таратууну камсыз кылсын.

4. Финансылык жана администрациялык камсыздоо бөлүмү ушул буйрукту жана Планды Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын сайтында жайгаштырсын.

5. Мониторинг жана мыйзамдуулукту көзөмөлдөө бөлүмү белгиленген мөөнөттөргө ылайык Пландын аткарылышын камсыз кылсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары А.А.Курмановго жүктөлсүн.

**Директор** **А.М. Маматалиев**

Кыргыз Республикасынын
Мамлекеттик кадр кызматынын
2020-жылдын __ ______ № ____
буйругуна тиркеме

**2021-жылга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында мамлекеттик жарандык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоого мониторинг жүргүзүү ПЛАНЫ**

| № | Мамлекеттик органдын/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы | Өткөрүү мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги жана ведомстволук бөлүмчөлөр | апрель, май | ММКБ* |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана ведомстволук бөлүмчөлөр | июнь | ММКБ |
| 3 | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги жана ведомстволук бөлүмчөлөр | июль | ММКБ |
| 4 | Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлиги жана ведомстволук бөлүмчөлөр | август | ММКБ |
| 5 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты | август | ММКБ<br>ТП** |
| 6 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты | сентябрь | ММКБ<br>АӨ** |
| 7 | Улуттук статистика комитети | сентябрь | ММКБ |
| 8 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиги | октябрь | ММКБ |
| 9 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиги | октябрь | ММКБ |
| 10 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги | ноябрь | ММКБ |
| 11 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо | ноябрь | ММКБ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана токой чарбасы мамлекетттик агенттиги | | |
| 12 | Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик агенттиги | декабрь | ММКБ |

**Эскертүү:**
* ММКБ – мониторинг жана мыйзамдуулукту көзөмөлдөө бөлүмү;
** АӨ – Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын аймактык өкүлчүлүгү.